**БАТКЕН ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**Баткен шаары** **14-апрель 2021-жыл**

**Т О К Т О М № 21**

**«_КЛООП МЕДИА" коомдук фондунун даттануусу жөнүндө**

2021-жылдын 14-апрелинде Баткен аймактык шайлоо комиссиясы № 8071-участкалык шайлоо комсиясынын аракеттерине «КЛООП МЕДИА" коомдук фондунун даттануусун карап чыгып, төмөндөгүлөрдү белгилейт.«КЛООП МЕДИА" коомдук фонду өзүнүн даттануусунда №8071 шайлоо участкасында АЭУ нын тез тез бузулуп тургандыгын көрсөткөн.

Жыйында № 8071 УШКнын төрайымы Тажибаева Мээринса мына буларды баяндады: 2021-жылдын 11-апрелинде №8071- УШКсында саат 10-00 дон саат 10-07 ге чейин АЭУ убактылуу шайлоо бюллетенин албай калган.Ошол замат ГТПнын балдарына айтышкан жана алар дароо барышкан,бирок алар барганга чейин операторлор АЭУ ну очуруп куйгузгондо иштеп кеткен.Ошол боюнча кечки саат 20-00 го чейин АЭУ бузулган эмес.АЭУ нын операторлорунан жана УШКнын торайымынан тушунук каттар алынды.(тушунук каттар тиркелет).

Материалдарды иликтеп чыгып жана «КЛООП МЕДИА» коомдук фондунун арызын карап, Баткен аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

"Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 20-болугуно ылайык *"Шайлоо куну АЭУ бузулган учурда добуш берүү,запастык АЭУ пайдалануунун негизинде жузого ашырылат.Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт тузот жана кол коет".*

*Мыйзамга ылайык УШК нын торайымы ошол замат акт тузгон.*

Маалыматты кароодо билдирүүдө көрсөтүлгөн бузууларды аныктоочу далилдер келтирилген эмес.

"Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, *«Шайлоочулар,талапкерлер,саясий партиялар,коммерциялык эмес уюмдар,алардын окулдору жана байкоочулар мамлекеттик жана ббашка органдардын,алардын кызмат адамджарынын,шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат.Арыз,даттануу жуйөлуу болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилууго тийиш."*

Мындай шартта Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясы №_8071 участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн журушундо мыйзам бузулбагандыгын белгилейт.

Баяндалгандардын негизинде, «Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жонундо" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын41,42- беренесин жетекчиликке алып, Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүдөй

**ЧЕЧТИ:**

1. «КЛООП МЕДИА» коомдук фондунун 2021-жылдын 12- апрелиндеги даттануусун канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечимдин көчүрмөсү «КЛООП МЕДИА» коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

**Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясын торайымы** **М.Жапарова**

**катчысы** **М.Гапаров**

Баткен шаарындагы
аймактык шайлоо комис-
сиясынын төрайымы
М. Жапаровага
8071 участкалык шайлоо
комиссиясынын АСУ опера-
тору Г. Сапаркуловадан

Түшүнүк кат

Менин түшүнүк кат жазганымдын
себеби төмөнкүчө: 2021-жылдын 11-апрель
күнү шайлоо өтүп жаткан убакта,
саат $10^{00}$ дө референдумдун бюллетенин
салып жаткан АСУ иштебей калды.
АСУну оңдоо үчүн смарт-картаны
салсак да иштебей калып колго тапты
АСУну өчүрүп жандырсак иштеди, ошондо
саат 10:07 минут өткөндө иштеди.
Запасной АСУ алып келгенде АСУ иштеп
атткан.

Түшүнүк кат ээси: Сапаркулова Г
8071. АСУ оператору.

Баткен шаарынын
аймактык шайлоо комиссиясынын
төрайымы М. Жапаровага
8071 участкалык шайлоо
комиссиясынын АСУ
оператору Т. Ташбаевдан

# Түшүнүк кат.

Менин түшүнүк кат жазганымдын себеби төмөнкүчө: 2021-жылдын 11-апрель күнү шайлоо өтүп жаткан учурда, саат 10⁰⁰до референдумдун бюллетенин салып жаткан АСУ иштебей калды. АСУну өчүрүү үчүн смарт картаны салып өчүрөйлү десек да котпой туруп калды. Анан АСУну өчүрүп жандырсак иштеп кетти. Анан Резервтеги аппаратты алып бардык келгенде өчүрүп калды. Аны да колдонбодук.

Түшүнүк кат ээси: Таир Ташбаевич
8071- АСУ оператору.

Баткен аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы
М. Жапаровага
№ 2071 Базар-Башы участкалык
шайлоо комиссиясынын
төрагасы М. Гапибаевадан

Түшүнүк кат.

2021-жылдын 11-апрель күнү өткөрүлгөн шайлоо күнү саат 10<sup>00</sup>-дө АЭУнун аппараты бюллетендерди кабыл албай калды. Операторлор Гапибаева Г., Сапаркуловалар АЭУнун аппаратын өчүрүп жандыргандан кийин 10<sup>07</sup>-де кайрадан бюллетендерди кабыл ала баштады. ГТПнын кызматкер-лери келгенде аппарат кадимкидей иштеп жаткан. Ошол бойонча кечки саат 20.00 го чейин б.а. шайлоо бүткөнгө чейин АЭУнун аппараты кадимкидей иштеп турду. Эч кандай мыйзам бузуу болгон жок.

Түшүнүк кат ээси [signature] Гапибаева М.